4. Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгынын (С.Ж.Мейрманова), Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын (А.Асанов),Чүй облустук билим берүү башкармалыгынын (С.Т. Омурканова), Ош облустук билим берүү институтунун (Г.М. Турдубаева), Ысык-Көл облустук билим берүү институтунун (К.С. Шарипов), Нарын облустук билим берүү борборунун (К.Н.Мамытов), Жалал-Абад облустук билим берүү усулдук борборунун (А.А. Токтосунов), Талас облустук билим берүү усулдук борборунун (Т.К. Тилекматов), Баткен облустук билим берүү усулдук борборунун (М.А. Айжигитова) жетекчилери:

4.1. Республикалык Олимпиаданын I, II жана III баскычтарын уюштурууга жоопкерчилик милдеттендирилсин:

4.2. Республикалык Олимпиаданын бардык баскычтарын өткөрүү учурунда окуучулардын ден-соолуктарынын жана өмүрлөрүнүн коопсуздугун камсыздашсын;

4.3. Бекитилген предметтер боюнча олимпиаданын сапаттуу жана ачык-айкын өткөрүлүшүн камсыздашсын;

4.4. Информатика, физика, химия, биология, география, тарых жана башка предметтер боюнча практикалык турларына зарыл болгон жабдууларын, приборлорун жана химиялык реактивдерин даярдашсын;

4.5. Республикалык олимпиаданын III (IV) баскычына катышуу үчүн II (III) баскычы аяктагандан кийин беш күндүк мөөнөттө 1, 2 орунга ээ болгон окуучулар боюнча Республикалык уюштуруу комитетине төмөнкү маалыматтарды тапшырышсын:

- III (IV) баскычына катышуу үчүн билдирме (II (III) баскычтарында 1, 2 орун алган окуучулардын тизмеси;
- жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан күбөлөндүрүлгөн справка (сүрөтү менен);
- катышуучунун чет өлкөдө 6 айга чейин жашап, чет тил үйрөнүп келгендигин тастыктоочу докуметтеринин көчүрмөсү;
- өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүк, паспорт же ID-карта).
- 2018-жылдын 3-мартына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Мектепке чейинки, мектепте жана мектептен тышкаркы билим берүү Башкармалыгына (Усеналиев М.Ж.) олимпиаданын I, II, III баскычтарынын жыйынтыгы боюнча маалымат берүүнү камсыз кылышсын.

5. Бюджеттик саясат жана финансылык анализдөө башкармалыгы (Баймурзаев М.А.), Мамлекеттик сатып алуулар жана инфраструктура бөлүмү (Б.А. Кадыркулов) жана Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмү (Б.М. Мураталиева) Республикалык олимпиаданы уюштурууга жана өткөрүүгө сарпталуучу чыгымдарды өз учурунда төлөп берүүнү камсыздасын.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары С. К. Калдыбаевге тапшырылсын.